Керимбаева Тынара Эркинбековнанын «Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)» деген темадагы 08.00.05. – “Тармактык экономика” адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине илимий жетекчинин

# ПИКИРИ

Диссертациялык иштин темасы бүгүнкү күндө актуалдуу болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууну изилдөөгө арналган.

Экономиканын реалдуу секторундагы айыл чарба тармагы Кыргыз Республикасынын (КР) экономикасынын стратегиялык маанилүү тармагы болуп эсептелет, ал өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүдө жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда чечүүчү ролду ойнойт. Айыл чарбасынын маанилүүлүгү экспорттук потенциалды өстүрүүнүн, калкты иш менен камсыз кылуунун, өнөр жай ишканаларын жергиликтүү сырьелук ресурстар менен, ал эми элди тамак-аш азыктары менен камсыз кылуунун мүмкүндүгү менен шартталган.

КРнын 2018-2040-жж. карата өнүгүү статагиясында Кыргызстан өзүнүн географиялык жана климаттык артыкчылыгын пайдаланып, региондук рынокто жана ЕАЭБдин рыногунда тоодо өндүрүлгөн экологиялык таза, органикалык айыл чарба продукциясын жеткирүүчүлөрдүн алдыңкысы болуу, өлкөнүн агроөнөр жай комплексинде орто жана ири кайра иштетүүчү комплекстерди түзүү, продукцияны тышкы рынокторго экспорттоо үчүн логистикалык борборлор өнүктүрүү, фермердик чарбалар кооперативдер аркылуу өндүрүштүк процесске активдүү катышуу, алар өндүрүүчүлөргө кошумча наркты тикелей алууга мүмкүндүк берип, жергиликтүү калктын кирешелерин көбөйтүүгө өбөлгө түзүү каралган.

Бүгүнкү күндө жогорудагы стратегияны иш жүзүнө ашыруу үчүн айыл-чарбасынын натыйжалуулугун, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана экспорттук потенциалын жогорулатуу багыттарынын бири катары инвестициялар эсептелиши керек.

Аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу жана айыл-чарбасынын абалын ар тараптуу изилдөө, анын ичинде инвестицияларды тартууну, инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жолдорун талдоо, материалдык-техникалык базасынын абалы, тармактагы жабдуулар, аймактын эмгек ресурстарынын болушу жана алардын сапаты, финансылык абалы, мамлекеттик инвестициялык саясат аркылуу жөнгө салуу механизмдерин иштеп чыгуу үчүн аны колдо болгон потенциалын натыйжалуу пайдаланууну талап кылат.

Жогорудагы маселелердин негизинде айыл чарбасында анын потенциалын жогорулатуудагы инвестициялык жагымдуулугунун ролу менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүнүн актуалдуулугу, теориялык жана

практикалык маанисин эске алуу менен, диссертациялык изилдөөнүн темасын тандап, анын максатын, милдеттерин жана жаңылыгын аныктады.

Бул шартта Керимбаева Тынара Эркинбековнанын КРнын Ош облусунун айыл-чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууну изилдөөгө арналган диссертациялык иши интеграция шартында актуалдуу болуу менен маанилүү теориялык жана практикалык мааниге ээ.

Изилдөөнүн максаты болуп КРнын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган теориялык-методологиялык негиздерди жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы катары теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде илимий иштин жаңылыгын аныктоочу төмөндөгүлөр эсептелет: экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун өзгөчөлүктөрүнүн негизинде илимий теориялык жактан жалпыланды; экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен факторлор аныкталды; реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденип Кыргызстандын айыл чарбасында алгылыктуу жактарын пайдалануу негизделди; Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалы, өнүгүү тенденциясы жана багыттары талданып, аны өркүндөтүү жолдору белгиленди; айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштар иштелип чыкты; экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүүнүн 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды; айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун программасы иштелип чыгып, практикага киргизүү жолдору аныкталды.

Диссертациялык иштин түзүмү изилдөөнүн максатына жана маселелерине туура келет жана киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана колдонулган илимий адабияттардын тизмегинен, тиркемелерден турат.

Изилдөөнүн биринчи бапта "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун теориялык-методологиялык негиздери" экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун маңызы жана мазмуну; бул сектордогу ишканалардын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлине таасир эткен факторлор жана инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы каралган.

Экинчи бапта "Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун абалы жана диагностикасы" Ош облусунун реалдуу секторунун экономикалык өнүгүүсүнүн потенциалы; айыл чарбасынын өнүгүү динамикасын жана инвестициялык жагымдуулугун талдоо жана баалоо каралган.

Үчүнчү бапта "Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулукту жакшыртуу жолдору" айыл чарбасында инвестициялык

жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо жолдору; аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун өнүгүү стратегиясы жана айыл чарбасын инвестициялоо жаатындагы аймактык мамлекеттик саясатты өркүндөтүү каралган.

Корутундуда жана практикалык сунуштарда диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча диссертант КРнын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууну изилдөөгө багытталган жыйынтыктарды чыгарып, сунуштарды даярдады.

Диссертациялык иштин темасы өзүнүн максатына жетүү менен КРнын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунунун системалуу жолдору сунушталды.

Жогорудагыларды эске алуу менен 08.00.05. – “Тармактык экономика” адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Керимбаева Тынара Эркинбековнанын «Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)» деген темадагы диссертациялык иши диссертациялык кенеште талкуулоого жана андан кийинки этаптарда коргоого сунушталат.

**Илимий жетекчи:** **экономика илимдеринин доктору, доцент, «Бухгалтердик эсеп жана аудит» кафедрасынын профессору**
**Абдиев Мурат Журатович**

Э.и.д., доцент
М. Ж. Абдиевдин колу
тастыкталды.
Кадр бөлүм башчысы

КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ